**Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштетүүгө макулдук берүү**

"Жеке маалыматтар жана аларды коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, мен (мындан ары Субъект деп аталат), өз каалоом менен жана өз кызыкчылыгым үчүн эркин аракет кылып, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Биринчи май району, Токтогул көчөсү 141, 4а адресинде жайгашкан, ЖСН 01404202510356 «Мой Равенол» ЖЧКго (мындан ары "Коом" деп аталат) жана жагдайлар же укуктук мамилелер аркылуу Коом менен азыркы учурда да, келечекте да байланышкан башка адамдарга, менин жеке маалыматтарымды, ошондой эле электрондук, кагаз жана (же) башка материалдык каражаттарга жазылган келечекте аларда боло турчу өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду чогултууга, иштетүүгө, атайын, маалыматтуу жана аң-сезимдүү түрдө макулдугумду билдирем, ошондой эле, Коомдун расмий веб-сайтында https://ravenol.kg/img/PersonalPolitics.pdf дареги боюнча жайгаштырылган Жеке маалыматтарды чогултуу жана иштетүү саясаты менен таанышканымды тастыктайм. Бул Макулдук төмөнкү жеке маалыматтарга тиешелүү: - фамилиясы, аты, атасынын аты; - электрондук почта дареги; - уюлдук телефон; - жашаган жеринин маалыматтары; - катталган жеринин дарегинин маалыматтары; - товарды сатып алган күнү, - жеткирүү дареги: - Өнөктөштүктүн мага болгон милдеттенмелерин аткаруу, алар менен пикир алышуу, анын ичинде товарларды сатуу максатында эскертмелерди, суроо-талаптарды, маалыматтык билдирүүлөрдү жөнөтүү, ошондой эле электрондук почталарды жана башка маалыматтарды телефон же электрондук почта аркылуу контрагентке жөнөтүү/алуунун түрлөрү, ошондой эле контрагенттердин суроо-талаптарын жана арыздарын иштетүү максатында; - Коом тарабынан сатылган товарларга техникалык колдоо көрсөтүү; - пикир алышуу, анын ичинде менин суроо-талаптарымды жана кайрылууларымды иштетүү, Оператордун веб-сайтынын (сайттарынын) иштеши жөнүндө маалымат берүү, аларга берилген буйрутмаларды аткаруу - Коомдун тейлөө сапатын баалоо жана жакшыртуу, Товарларды жарнамалоо; - статистикалык жана маркетингдик изилдөөлөр, анын ичинде Коомдун ишине байланыштуу изилдөөлөр; - атайын акцияларга жана иш-чараларга катышуу үчүн маркетинг иш-чараларын жүргүзүү, жарнамалык билдирүүлөрдү жана сунуштарды жөнөтүү. Бул Макулдук жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон менин жеке маалыматтарыма байланыштуу ар кандай аракеттерди, анын ичинде: чогултуу, топтоо, сактоо, өзгөртүү, кошуу, колдонуу, таратуу, жекесиздештирүү, бөгөттөө, жок кылуу, жеке маалыматтарды коргоону камсыз кылган чет мамлекеттердин аймагына чек арадан өткөрүп берүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын

колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык менин жеке маалыматтарым менен башка аракеттерди жүзөгө ашыруу үчүн берилет.
Мен, жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн Коом менин жеке маалыматтарымды, Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтар жана аларды коргоо боюнча мыйзамдарынын талаптарына ылайык үчүнчү жакка берүүгө, анын ичинде жеке маалыматтарды чек ара аркылуу өткөрүп берүүгө (алынган жеке маалыматтардын купуялуулугун жана корголушун камсыз кылуу боюнча үчүнчү жактардын милдеттенмелерине ылайык) укуктуу экенин моюнга алам жана ырастайм. Бул макулдук мөөнөтсүз, бирок Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында талап кылынгандан ашык эмес же Коом тарабынан жүргүзүлгөн жеке маалыматтарды чогултуу жана иштетүү максатында берилет.
Жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдугумду анын жарактуу мөөнөтү аяктаганга чейин каалаган убакта Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Биринчи май району, Токтогул көчөсү 141, 4а адресиндеги Коомдун почта дарегине "жеке маалыматтарга байланыштуу суроо-талап" деген белги менен жазуу жүзүндөгү билдирүү камтылган кат жөнөтүү же Өнөктөштүктүн info@ravenol.kg электрондук почта дарегине ушундай эле белги менен электрондук кат жөнөтүү аркылуу жокко чыгара алам.